DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Курбанова А.А.*

## БАТКЕН ОКУЯСЫ ЧЕТ ЭЛДИК МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНДА

*Курбанова А.А.*

## БАТКЕНСКИЙ ИНЦИДЕНТ В ЗАРУБЕЖНЫХ СРЕДСТВАХ МАССОВОЙ ИНФОРМАЦИИ

*A. Kurbanova*

## BATKEN INCIDENT IN FOREIGN MASS MEDIA

*УДК: 947.1.088(575.2) (043.3)*

*Эгемендүүлүктүн 30 жылында Кыргызстан көптөгөн кубанычтарды жана толкундоолорду башынан өткөрдү. Мындай мамлекеттүүлүк болобу же жокпу деген суроо пайда болгон учурлар болгон. Өлкөнүн жашоосундагы эң маанилүү жана татаал окуялардын бири 1999-2010-жылдары Баткен областындагы Өзбекстандын ислам кыймылы согушкерлери менен куралдуу кагылышуу болду. Ал тургай расмий билдирүүлөр. Мисалы, коопсуздук бөлүмүнүн башчысынын орун басары Талант Разаков Эркиндик радиосуна (17-август, 1999-жыл) барымтадагыларды бошотуу үчүн 50000 доллар төлөшү керектигин билдирген. Ошол эле күнү Коопсуздук кеңешинин катчысы Эсен Топоев "Пирамида" телекөрсөтүүсүндө берген маегинде барымтадагыларды мал жана Пи-дан азык-түлүктөрүн тартуу менен бошотконун кошумчалады. 15-августта Су-23 учагынын өзбек аскер күчтөрүнүн жарылышы дагы эки тараптуу пикирди жаратты. Эгерде мурда согушкерлер жашырынып жүргөн райондорду бомбалашса, акыркы күндөрү бомбардировкага Тажикстандын гарм районундагы айылдар дуушар болуп, айрым үйлөр талкаланып, чарбалар талкаланган. Мисалы, Жакынкы Жерге-Тал районунда 45 ири баш жана 63 майда жаныбар өлтүрүлгөн. Бул мезгилде "Асаба", "Вечерний Бишкек", "Дело №", "Кыргыз Руху", "Айданек", "Слово Кыргызстана", "Ыйык карыз", "Республика", "Чүй кабарлары" ж.б. газеталарынын жалпыга маалымдоо каражаттары Баткендеги окуялар дайыма чагылдырылып турган. Кыргыз Массалык маалымат каражаттарынан тышкары чет элдик Массалык маалымат каражаттары да өз пикирин билдиришти, ошондой эле Орус маалымат каражаттары катышты. Кыргыз өкмөтү чет элдик журналисттердин аймакка барышын каалабаса да, ал барымтага алынган террористтер басып алган жапон геологдоруна байланыштуу жапон журналисттерин кошууга аргасыз болду.*

***Негизги сөздөр:** Ислам экстремисттери, Баткен облусу, терроризм, куралдуу кагылышуу, массалык маалымат каражаттары, максат, аймак, план, халифат.*

*За 30 лет независимости Кыргызстан пережил много радостей и волнений. Были времена, когда вставал вопрос, будет такая государственность или нет. Одним из самых значимых и сложных событий в жизни страны стал вооруженный конфликт с боевиками ИДУ в Баткенской области в 1999-2010 гг. Информация о событиях в Баткене в Кыргызстане разнятся. Даже официальные заявления. Например, заместитель начальника отдела безопасности Талант Разаков сообщил Радио Свобода (17 августа 1999 г.), что за освобождение заложников им пришлось заплатить 50 000 долларов. В тот же день секретарь Совета безопасности Эсен Топоев в интервью в телевидении «Пирамида» сообщил, что освободили заложников пожертвовав скот и продукты питания. Взрыв узбекскими военными 15 августа самолета Су-23 также вызвал двуякое мнение. Если раньше бомбили только районы, где скрывались боевики, то в последние дни бомбардировке подверглись села в Гармском районе Таджикистана, при этом разрушены некоторые дома и разрушены фермы. Например, в соседнем Жерге-Тальском районе было убито 45 голов крупного и 63 мелких животных. В это время средство массовой информации газеты «Асаба», «Вечерний Бишкек», «Дело №», «Кыргыз Руху», «Айданек», «Слово Кыргызстана», «Священный долг», «Республика», «Чуйские известия» и т.д. регулярно освещали события в Баткене. Помимо кыргызских СМИ свое мнение высказали и зарубежные СМИ. Присутствовали российские СМИ. Хотя кыргызское правительство не хотело, чтобы иностранные журналисты посещали регион, оно было вынуждено включить японских журналистов из-за ситуации с японскими геологами которые были захваченны террористами как заложники.*

***Ключевые слова:** Исламские экстремисты, Баткенская область, терроризм, вооруженные столкновения, средства массовой информации, цель, регион, план, халифат.*

*Kyrgyzstan has experienced many joys and worries for 30 years of its independence. There were times when the question arose whether there would be such a statehood or not. One of the most significant and difficult events in the life of the country was the armed conflict with the IMU militants in the Batken region in 1999-2010. Information about the events in Batken varies in Kyrgyzstan. Even official statements, for example, the deputy head of the security department, Talant Razakov, told Radio Liberty (August 17, 1999) that they had to pay $50,000 for the release of the hostages. On the same day, the secretary of the Security Council, Esen Topoev, reported that the hostages had been released by donating livestock and food in an interview on Pyramid TV. The August 15 explosion of a Su-23 aircraft by the Uzbek military has also caused controversy. If earlier only the areas where the militants were hiding were bombed, then in recent days, villages in the Garm region of Tajikistan have been bombed, where some houses and farms have been destroyed. For example, 45 large and 63 small animals were killed in the neighboring Zherge-Tal district. At this time, the mass media of the newspapers Asaba, Vecherniy Bishkek, Delo No., Kyrgyz Ruhu, Aidanek, Slovo Kyrgyzstan, Sacred Duty, Respublika, Chuyskiye Izvestiya, etc. regularly covered events in Batken. In addition to the Kyrgyz media, foreign media also expressed their opinion. Russian media also took part. Although the Kyrgyz government did not want foreign journalists to visit the region, it was forced to include Japanese journalists due to the situation of Japanese geologists who were taken hostage by the terrorists.*

***Key words:** Islamic extremists, Batken region, terrorism, armed clashes, mass media, target, region, plan, caliphate.*

Баткен окуялары боюнча Кыргызстан маалыматы ар түрдүү. Атүгүл расмий билдирүүлөр да. Мисалы, республика коопсуздук министрлигинин бөлүм башчысынын орун басары Талант Разаков “Азаттык” радиосуна берген интервьюсунда (17.08.99) барым-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тадагыларды бошотуп алуу үчүн 50 миң доллар төлөөгө туура келгендигин айтты. Ошол эле күнү коопсуздук советинин секретары Эсен Топоев "Пирамида" телевидениесинен анча-мынча мал, азык-түлүк берип кутулдук деп билдирди [1].

Ошондой эле Өзбекстан аскер күчтөрүнүн СУ-23 самолёту менен 15-августтагы бомбалоолору да эки ача. Мурда боевиктер жашырынган аймак гана бомбаланды десе, кийинки күндөрү Тажикстандын Гарм аймагындагы айылдар бомбаланып, анын натыйжасында айрым курулуштар урап, чарбалар кыйраганы аныкталып жатат. Мисалы ага жанаша жайгашкан Жерге-Тал районунан 45 ири мал, 63 майда жандык өлгөнү тууралуу маалымат жарыяланды [1].

Исламчылардын Кыргызстанга басып киришинин себептери боюнча ар кандай версиялар айтылууда. Биринчи пикир, Баткендеги куралдуу кагылышуулар бийлик үчүн күрөш стратегиясынын алкагында алдын ала пландалган иш-аракеттер Өзбекстанда "тажик сценарийин" кайталоого, расмий Ташкентти Өзбекстан ислам кыймылын мыйзамдуу оппозиция катары таанууга мажбурлоо жана анын жетекчилери менен сүйлөшүүлөрдү баштоо [2].

Экинчи пикирде, исламчылардын куралдуу басып кириши Өзбекстан менен кеңири масштабдагы согуш үчүн эмес, көпчүлүк ойлогондой, "бийликти басып алуу стратегиясын" дестабилдештирүү, террор, саботаж жана бандиттик чабуулдарды ишке ашыруу максатында болгон. Экстремисттер аймактагы өлкөлөрдүн өкмөттөрүн зордук-зомбулук спиралына тартууну көздөп жатышат? Бир мамлекеттин чек арасы менен чектелбейт жана бүтүндөй Борбор Азияны «оогандаштыруу» «домино эффекти» тибинде башталышы мүмкүн [2].

Үчүнчү пикир, эл аралык ислам экстремисттеринин стратегиясы боюнча, азыркы кылым бирдиктүү ислам халифатын түзүү менен бүтүшү керек. "Исламдын дүйнөлүк үстөмдүгү" деген радикалдуу идеялардан тышкары, Борбордук Азиянын жана Кавказдын энергетикалык ташыгычтарынын дүйнөлүк рынокко чыгуу келечегине жана КМШ жана Батыш өлкөлөрүнө афган баңгизатын мыйзамсыз ташууга байланыштуу конкреттүү, "күнүмдүк" кызыкчылыктар бар [2].

Төртүнчү пикирлер бар, бул Американын колу болгон, анын негизги максаты бир колу менен регионду, атап айтканда Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстанды эл аралык терроризм коркунучу астында дүрбөлөңгө салуу болгон. АКШнын Куралдуу Күчтөрү үчүн, биринчи кезекте алардын аскердик базалары үчүн атайын коридор, аймакка жол ачуу үчүн. Кыргызстандын аймагында Ганси атындагы авиабаза пайда болуп, кийин транзиттик пункт катары аталып калганы бекеринен эмес [2].

Кыргызстандын массалык маалымат каражаттарынан сырткары чет өлкөлүк массалык маалымат каражаттары да оз ой пикирлерин билдиришкен. Орусиянын маалымат каражаттары барышты. Кыргыз өкмөтү аймакка чет өлкөлүк журналисттердин барышын каалабаса да жапон жарандарынын барымтага түшкөнүнөн улам жапониялык журналисттерди да киргизүүгө аргасыз болгон. Натыйжада бейкапар жашоо өкүм сүргөн Баткен Кыргызстандын гана эмес, коңшу өлкөлөрдүн да көңүлү бурулган аймакка айланган. Мисалы ошол учурдагы Баткен окуясын чагылдырганы барган «Эркин Европа/Азаттык» радиосунун кабарчысы, Борбор Азия боюнча баяндамачы Брюс Панниер 20 жыл мурдагы окуялардын таржымалын мындайча баяндайт.

Тажикстанда жарандык согуш чыгып, ага жоочулар да катышканын, «Өзбекстан ислам кыймылынын» жетекчилери кезинде Тажикстандагы бириккен оппозициянын курамында болгону да жагдайды ого бетер түшүнүксүз кылып койгон. Бул кыймылдын Жума Намангани жана Тахир Юлдашов сыяктуу лидерлери өзбек атуулдары болгонуна карабастан Тажикстандагы жарандык согушта оппозициянын катарында согушуп келген. Тажикстандагы согуш 1997-жылы аяктап, Тажикстан өзү өлкөдө тынчтык орнотууну көздөп жаткандыктан өз аймагында мындай жоочулардын болушун каалаган эмес. Алардан арылууну көздөгөн. Андыктан тажик бийлиги оппозициянын өкүлдөрү менен сүйлөшүп, кайсы бир жол менен өзбек жоочуларын өз аймагынан чыгып кетүүгө көндүргөн шекилдүү. Тилекке каршы ал согушкерлер Кыргызстандын түштүгүнө келишкен. Элдин көбү алгач бул жоочулар Тажикстандын бийлиги менен элдешкиси келбеген оппозициянын өкүлдөрү болушу мүмкүн деп жоромолдошкон. Бирок иш жүзүндө андай эмес эле [2].

Маселе Кыргызстанда, же Тажикстанда эмес, Өзбекстанда эле. Өзбек өкмөтүнүн өлкө ичиндеги мусулмандарга жасаган мамилеси жоочулардын тобунун түзүлүшүнө себеп болгон. Ушул жерден «Өзбекстан ислам кыймылынын» таржымалы тууралуу айта кетели. 1999-жылдын февраль айында Ташкентте жардыруу болгон. Өзбек бийлиги бул чабуулду «вахабилер тобу» уюштурганын билдирип, динчилдерге каршы аёосуз күрөш баштаган. Анын натыйжасында өтө көп сандагы адамдар камалып калуудан коркуп, өлкөдөн качып кетишкен. Кийинчерээк алардын бир бөлүгү Тажикстандагы Жума Намангани жана Тахир Юлдашовду колдогон өзбектердин катарына кошулганы белгилүү болгон. Баткенде кармаш адеп башталганда согушкерлер өзбек тектүү экени белгилүү болгон. Аны улай өзбек бийлиги өзгөчө Фергана өрөөнүндө динчилдерге каршы куугунтукту ого бетер күчөткөн. Натыйжада өлкөдөн качкан дагы көп адамдар ал жоочулардын жана Оогвнстандагы согушкерлердин катарын толукташкан.

Өзбекстан жүздөгөн адамдарды кармоо менен маселенин тамырын кыркабыз деп ойлогон. Анын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ордуна он миңдеген каршылаштарды пайда кылды. Андыктан бул маселеге Кыргызстандын аралашып калганы өкүнүчтүү. Себеби жоочулардын көздөгөнү Кыргызстан эмес болчу. Бул кишилер Тажикстандан Өзбекстанга өтүүнү көздөшкөн. Болгону Кыргызстан ортодо болуп калган.

Жоочулардын бул тобунун багыты жана кызыкканы Өзбекстан болгон деп айтсак туура эле болот. Бирок алардын очогу Тажикстанда болгону түрдүү ойлорго жем таштаган. Тажик өкмөтү 1999-жылы да, 2000-жылы да «бул согушкерлер Тажикстандан келди» деген маалыматтарды четке каккан [5].

1999-2000-жылдардагы окуялар, алардын ичинде Баткен окуясы Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстан үчүн оңой эмес сыноо болгону анык. Согушкерлерге каршы күрөштө Борбор Азиядагы бул үч өлкө дээрлик бири-бири менен кызматташкан эмес. Мисалы, Тажикстан жоочулар өз аймагынан келгенин эки жолу тең четке каккан. Андан башка келе турган жер жок эле.

Өзбекстан жардам берүүнү сунуш кылса да, 1999-жылы «биз аскерлерибизди Кыргызстанга жөнөтөбүз, алар кыргыз тоолорундагы жоочуларды жок кылат» деп билдирген. Эгер 10 же 20 миң өзбек күчтөрүн өлкөгө киргизсең, алар жоочулар калбай калганына ынанып, жоокерлеринин баарын алып чыгып кеткенге чейин канча убакыт кетмек? Аскар Акаев Өзбекстандын өз армиясын Кыргызстанга жөнөтүшүн каалаган эмес.

Жоочуларга каршы күрөштө кыргыз өкмөтүнө түздөн-түз болбосо да, Орусиянын армия өкүлдөрү кеңеш катары болобу, же техника жагынанбы, айтор, кыргыз тарапка болушунча көмөк көрсөткөнү бышык. Керек болсо 1999-жылы Кытай тарап да Кыргызстанга жардам көрсөтүү ниетин билдиргени кабарланган.

«Эркин Европа/Азаттык» радиосунун кабарчысы Брюс Панниер: Орусия өзүнүн ролу тууралуу көп маалымат берген эмес. 1999-жылы өзбек тарапка [Кара-Тейиттеги аба соккуларынан кийин] Кыргызстанга аскердик учактарын жөнөтпөө талабы коюлган. Буга карабастан Баткенден тоо тарапты көздөй учактар байма-бай учуп турган. Ал жылы «Өзбекстан ислам кыймылы» менен түзүлгөн келишимге ылайык, Тажикстандын Табыл-Дараа аймагындагы жоочулар тик учак менен Ооганстандын түндүгүнө жеткирилиши керек эле. Алар Орусиянын чек арачыларына таандык тик учак менен жеткирилген деп эскерет. [4]

Ал эми Время Востока сайтына Орто Азиянын тарыхы калин журналына Саид Амин: Испытание на прочность - Баткен 1999-2010 гг. аттуу макаласында 09.12.2011 жылы Баткен окуясы боюнча төмөнкүдөй маалыматтарды берет. Баткен окуясынан бир нече жыл мурун Жума Наманганинин жоочулары Ооганстандан Өзбекстанга бир нече жолу өтүп кетишкен. Буга байланыштуу Өзбекстандын президенти И. Каримов Кыргызстандын мурдагы мамлекет башчысы А.Акаевге өз аймагында куралчан адамдарды байкабаган күч түзүмдөрүнүн аракетсиздиги боюнча бир нече жолу даттанган [5].

И. Каримов өзү, албетте, ӨИК согушкерлеринин бул кыймылдарына аяр мамиле жасап, Кыргызстан менен чек ара тилкелерине аба-десанттык-чабуулчу бөлүктөрдү топтогон. Саид Аминдин макаласында Баткен районунун Зардалы айылынын жергиликтүү жашоочулары бир нече жолу курал менен жана документтери жок адамдарды кармап, Баткен шаардык ички иштер бөлүмүнө алып келишкен. Бирок милиция кызматкерлери өз кызматына жоопкерчиликсиз мамиле жасап, эреже боюнча расмий текшерүүдөн кийин бошотулган же Тажикстандын аймагына чыгарылган. Бийликтин жоочуларга карата мындай мамилесин көргөн жергиликтүү калк да жеке коопсуздукту камсыз кылуу максатында куралы бар бейтааныш адамдар менен тил табышууну мүмкүн деп эсептешкен. Согушкерлер менен жергиликтүү тургундардын мамилеси шарият мыйзамдарына ылайык белгилүү эрежелердин негизинде курулган. Тактап айтканда, согушчандар жергиликтүү калктан эт жана башка азык-түлүктөрдү сатып алып, эреже катары, базар соодасынын эрежелерин так сактаган. Кожо-Ашкан, Коргон, Шурман, Кулп, Жылуу-Суу айылдарында жөнөкөй согушкерлер жана талаа командири Абдулазиздин өзү да кой, ун же нан түрүндөгү тирүү товарлар үчүн сом, кээде доллар менен татыктуу акча төлөп турушкандыгы айтылат.

1999-жылы 30-июль күнү Баткен шаардык ички иштер бөлүмүнө Кызыл-Булак айылынын тургуну Абдилак Жалилов келип, 22 куралчан адам Жылы-Суу ашуусу аркылуу чек араны кесип өтүп, айылдын жанына отурукташып калганын билдирген. Ал ошондой эле согушкерлер Өзбекстандын аймагына өтүп, жергиликтүү тургундардын коңшу өлкөгө өтүшүнө тоскоол болбосо, аларга эч кандай зыян келтирбөөнү көздөп жатканын билдирди. 31-июль Баткен районунун акими Абдрахман Маматалиев тарабынан өлкөнүн түштүгүндө болуп жаткан окуялар боюнча алган маалымат Бишкекке жетет [1].

6-августта райондун акими Абдрахман Маматалиев, КР Коргоо министрлигинин чалгындоо башкармалыгынын башчысы полковник Курманакун Матенов, КР Улуттук коопсуздук кызматынын Баткен облусу боюнча өкүлү, капитан Даирбек Бокеев, полковник Нурбек Калканбаев жана 30га жакын Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ички аскерлеринин атайын багыттагы бөлүгүнүн жоокерлери Шудман тоосунун аймагында белгисиз адамдар менен байланыш түзүүгө аракет кылып жатып, талаа командири Абдулазиз жана анын жоочулары тарабынан туткунга алынган жана куралсыздандырылган.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Өкмөттүк гезиттер Баткен капчыгайында миңден ашуун согушкер топтолгон деп жазып чыгышкан. [2]

Чындыгында согушкерлер Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы ашуулар аркалуу Кыргызстандын аймагына топ-топ болуп кирип келишкен. Топтордогу жоочулардын саны 20дан 25ке чейин жеткен. Талаа командирлери: Абдулазиз, Халит, Али, Мулло Абдулло, Панжара, Хамза, Торык, Шейх. Аларды Жума Намангани жетектеген [5].

Группалардын ортосундагы байланыш спутниктик байланыш жана чет өлкөлүк өндуруштун башка азыркы кездеги техникалык каражаттары аркылуу шарттуу командалар аркылуу ишке ашырылган. Алар гранатометтор, тоо зениттик установкалары, минометтор, Түштүк Кореяда жасалган учактарга каршы күрөшүү каражаттары, Англияда жасалган стингерлер менен куралданган [5].

Кандай гана согуш болбосун, чалгындоо кызматынын ролу талашсыз. Буга байланыштуу Жума Намангани Бишкектеги өз булактарынан тынымсыз чалгындоо маалыматтарын алып тургандыгын белгилеп кетким келет, алар ага Кыргызстандын Коргоо министрлигинин бөлүктөрүнүн, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ички аскерлеринин жана Баткендин тоо этектеринде жайгашкан башка атайын отряддарынын жоокерлеринин саны жана мүмкүнчүлүктөрү, Баткенге курал-жарактын кандай түрлөрү жана алардын саны жөнөтүлүп жатканы тууралуу кеңири маалымат беришкендиги Саид Аминдин макаласында ачык көрсөтүлгөн.

Эки жылдагы Баткен окуясы коомго өзүнө, дүйнөдөгү ордуна, көйгөйлөрүнө жаңыча көз караш менен кароого мүмкүнчүлүк берди. Бул Кыргызстандын тарыхындагы жаңы баракттын символу, анткени бул биз чынында эле таанылган эгемендүүлүккө ээ болгон дүйнөлүк коомчулуктун көз карандысыз бөлүгү экенибизди, жалпы кабыл алынган кызматташуу механизмдерин колдонуу менен өзүбүздү эч кимдин жардамысыз гана коргой ала турганыбызды көрсөтүп турат. Бирок Кыргызстандын ислам экстремизми жана эл аралык терроризм менен эки жылдык тирешинин жыйынтыгы дүйнөгө Кыргызстандын эбегейсиз моралдык потенциалын жана эркиндикти сүйгөн эл экендигин көрсөттү.

**Адабияттар:**


1. Токтобаева К. Жоокерлер кушка айланып учуп жүрөт. Бишкек “Бийиктик” 2004. [текст]
2. Пономарев В. “Угроза исламского экстремизма в Узбекистане”[Текст] // М.1999 г.
3. Mnenie.akipress.org Абытов Б.К. Баткен 1999 ж. Окуябы же согушпу? [текст]
4. https://www.azattyk.org/ Баткен коогасы: "Эл жоочулар түшөт деп чочуп турган"
5. https://centrasia.org/news С.Амин: Испытание на прочность [текст] Баткен 1999-2010 гг. 09.12.2011